DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Курманалиев К.А.*

# ТҮРКСТАНДЫН ЖАНА АНЫН КУРАМЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШҮНҮН ШАРТТАРЫ (1917-1920-жылдар)

*Курманалиев К.А.*

# УСЛОВИЯ РЕГИОНАЛЬНОГО УСТРОЙСТВА ТУРКЕСТАНА И ВХОДЯЩЕЙ В ЕГО СОСТАВ КЫРГЫЗСТАНА (1917-1920 годы)

*K. Kurmanaliev*

# CONDITIONS OF THE REGIONAL DEVELOPMENT OF TURKESTAN AND KYRGYZSTAN IN ITS COMPOSITION(1917-1920 years)

*УДК: 947.071 (575.2)*

*Бул макалада 1917-жылдагы Октябрь революциясынын жеңишинен кийинки Орто Азия элдеринин тарыхында жаңы барактын ачылышы жана анын ичинде Кыргызстандын аймактык түзүлүшүнүн шарттары каралды. Россиянын Борбордук Азиядагы саясаты Орто Азия элдеринин арасында кандайдыр бир мамлекеттүүлүктүн башталышын жок кылууга умтулуу менен шартталган. Натыйжада бул элдердин экономикалык жана саясий жактан артта калышына алып келген. Бийликтин Советтердин колуна өтүшү менен Убактылуу Өкмөттүн башкаруу органдарынын ордуна жаңыларын түзүү башталган. Түркстан крайынын атайын документине ылайык бардык бардык бийлик жергиликтүү кеңештерге өткөн. Кыргызстандын аймагында бийликти орнотууда кошумча кыйынчылыктар пайда болгон. Жаңы бийликтин алгачкы иштеринин бири колониялык мезгилдеги жерди улутташтыруу жана падышачылыктын колдоосун жоюу болгон. Большевиктердин бийликти колго алышы менен аймактын административдик түзүлүшүндө түп-тамырынан бери өзгөрүүлөр жүргүзүлбөй кеңештер Түркстандын азыркы административдик-аймактык бөлүнүшүнө ылайык түзүлгөн. Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү падышачылык Россиянын колониялык саясатына байланыштуу болуп колониялык режимдин биротоло бекемдөөгө өбөлгө түзгөн. Облустук, уездик бийликтин өкүлдөрү падышачылык режимге берилген адамдар дайындалган. Волосттор калктын чарбалык ишинин өзгөчөлүктөрүнө жараша көчмөн жана отурукташкан болуп экиге бөлүнгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *волосттор, уезддер, приставдар, аскердик-элдик башкаруу, округ, партия, туугандык байланыштар.*

*В данной статье рассмотрено открытие новой страницы в истории народов Центральной Азии после победы Октябрьской революции 1917 года и условия регионального устройства Кыргызстана. Политика России в Центральной Азии мотивирована стремлением уничтожить зачатки любой государственности у народов Средней Азии. В результате это привело к экономической и политической отсталости народа. С переходом власти в руки Советов началось создание новых органов управления Временного правительства. По специальному документу Туркестанской области вся власть передавалась местным советам. Дополнительные трудности возникли при установлении власти на территории Кыргызстана. Одним из первых действий нового правительства была национализация земли и отмена королевской поддержки в колониальный период. После прихода к власти большевиков советы создавались в соответствии с нынешним административно-территориальным делением Туркестана без радикальных изменений в административном устройстве области. Административно-территориальное деление Туркестана было связано с колониальной политикой Царской России и способствовало постоянному укреплению колониального режима. Представителей областной и уездной власти назначали люди, верные царскому режиму. Волости делятся на кочевые и оседлые в зависимости от особенностей хозяйственной деятельности населения.*

***Ключевые слова:*** *волости, уезды, пристав, военно-народное правление, округ, партия, родственные связи.*

*This article discusses the opening of a new page in the history of the peoples of Central Asia after the victory of the October Revolution of 1917 and the conditions for the regional structure of Kyrgyzstan. Russia's policy in Central Asia is motivated by the desire to destroy the beginnings of any statehood among the peoples of Central Asia. As a result, this led to the economic and political backwardness of the people. With the transfer of power into the hands of the Soviets, the creation of new governing bodies of the Provisional Government began. According to a special document of the Turkestan region, all power was transferred to local councils. Additional difficulties arose when establishing power on the territory of Kyrgyzstan. One of the first actions of the new government was the nationalization of the land and the abolition of royal support during the colonial period. After the Bolsheviks came to power, the soviets were created in accordance with the current administrative-territorial division of Turkestan without radical changes in the administrative structure of the region. The administrative-territorial division of Turkestan was associated with the colonial policy of tsarist Russia and contributed to the constant strengthening of the colonial regime. Representatives of the regional and district authorities were appointed by people loyal to the tsarist regime. Volosts are divided into nomadic and sedentary, depending on the characteristics of the economic activity of the population.*

***Key words:*** *volosts, counties, bailiff, military-people's government, district, party, family ties.*

1917-жылдын октябрында большевиктердин Петербургда Керенскийдин убактылуу өкмөтүн жеңип чыгышы Орто Азиянын тургундарынын тарыхында жаңы баракты ачты. Бул доор – чоң үмүттөрдүн жана күтүүнүн доору - Россия империясынын бүткүл аймагындагы букараларынын эзилген “жергиликтүү калктын” андан аркы тагдыры чечиле турган болду. Петербургда падышалык империя кулагандан кийинки мамлекеттин түзүлүшүн, эзилген жана куугунтукталган чет элдиктерди колониализмдин моюнтуругунан бошотуу боюнча талаш-тартыштар болгон. Бул убакта колониализм өзүнүн туу чокусуна жетип, көчмөндөрдү жок кылуу максаттуу жана пландуу жүргүзүлдү [1, 60-б.]. Жок кылуунун максаты айдоо жана сугарууга жарактуу жерлерди басып алып, Россиянын

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



борбордук райондорундагы келгин-колонизаторлорду жайгаштыруу болгон.

Россиянын Борбордук Азиядагы саясаты «Орто Азия элдеринин арасында кандайдыр бир мамлекеттүүлүктүн башталышын жок кылуу, алардын маданиятын бузуу, тилин чектөө, наадандыкта кармап туруу жана мүмкүн болушунча орусташтырууга» умтулуу менен мүнөздөлгөн [2, 558-559-бб.]. Элдердин экономикалык жана саясий жактан артта калгандыгы бул саясатты ишке ашырууда оңтойлуу болгон.

Ташкент шаарындагы 1917-жылы 1-ноябрдагы куралдуу көтөрүлүштүн натыйжасында Түркстан аймагында Совет бийлиги орногон. Бийликтин Советтердин колуна өтүшү Убактылуу Өкмөттүн башкаруу органдарын таркатып, анын ордуна жаңыларын түзүү жолу менен ишке ашкан. 1918-ж. мартта Ош, Пржевальск, Пишпек уездеринин, мындан тышкары тоолу көчмөн жана отрукташкан аймактардын комиссарлары бийликтен четтетилген [3, 276-б.].

Советтердин укуктук ишмердигин камсыз кылуу жана жөнгө салуу үчүн 1917-ж. 10-декабрда Түркстан крайынын Эл Комиссарлар Совети “Жумушчу, дыйкан жана солдат депутаттарынын жергиликтүү кеңештеринин ишин уюштуруу жөнүндө” токтом чыгарган.

Кыргызстандын аймагында бийликти орнотууда жергиликтүү калктын чарбалык ишмердүүлүгүнүн багытына байланыштуу кошумча кыйынчылыктар пайда болгон. Жаңы бийлик, өз бийлигин бекемдөө жана күчтөндүрүү зарылдыгын сезип, волосттордо, кыштактарда, жана айылдарда 1918-жылдын аягында кайра шайлоолор өткөрүлдү. Жаңы режимдин алгачкы практикалык кадамдарынын бири болуп - аймакты колониялаштыруу учурундагы жерди улутташтыруу жана падышачылыктын колдоосун жоюу болгон.

Большевиктер бийликти колго алып, объективдүү, каршы тура алгыс себептерден (интервенция, граждандык согуш, басмачылар кыймылына каршы күрөш, ачарчылык ж. б.) улам аймактын административдик түзүлүшүндө түп-тамырынан бери өзгөрүүлөрдү жүргүзө алышкан эмес. Кеңештер Түркстандын азыркы административдик-аймактык бөлүнүшүнө ылайык түзүлгөн.

Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү биринчи жолу 1865-1869-жж. болгон [4, 519-523-бб.]. Крайдагы башкарууну уюштуруу жана жаңы волосторду түзүүнү ишке ашыруу максатында жерлерге комиссиялар жөнөтүлгөн [5, 82-б.]. Административдик түзүлүштү реформалоо колониялык режимдин биротоло бекемдөөгө өбөлгө түзгөн. Бардык компаниянын негизги максаты натыйжалуу жана арзан колониялык башкаруу аппаратын түзүү болгон.

Аймактагы согуштук аракеттердин натыйжасында Түркстан аскер министрлигине баш ийген. Бул баш ийүү 1917-жылдагы революцияга чейин уланат [6, 254-255-бб.]. Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүмү жөнүндөгү мыйзам 1867-жылдын 14-июлунда кабыл алынган.

Бул мыйзамга ылайык генерал-губернаторлукка мурда Орто Азияда белгисиз болгон жаңы административдик бирдиктер – административдик айыл, волост, уезд, область киргизилген.

Аймактагы административдик бөлүнүүнүн укуктук негизи 1775-жылдагы провинцияларды түзүү жөнүндөгү Жободо жарыяланган жана Кавказда сыналган "аскердик-элдик башкаруу" [7, 3-б.] - деп аталган принцип болгон. Бул системанын биринчи тепкичинде старчын жетектеген административдик айыл турган. "Аскердик-элдик башкаруунун" маанилүү бөлүгү - волостук башкаруучу - "болуш" - жогорку кызмат адамы болгон. Волосттук башкаруу кызматына формалдуу түрдө шайлоо жүргүзүлгөн [8, 70-б.]. Чынында, ал округдун башчысы тарабынан дайындалган [9, 20-б.]. Падышачылык режимге берилген жана облусттук, уездик бийлик тарабынан ар тараптан колдоого алынган адамдар дайындалган [10, 264-б.]. Кең мейкиндиктер, кээ бир райондордо калктын аздыгы жергиликтүү калкка көзөмөлдүн начар болушуна себеп болгон. Жашоочулардын жүрүм-турумун көзөмөлдөө, жетекчиликтин бардык буйруктарынын аткарылышын көзөмөлдөө жана көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу максатында участкалык приставдар түзүлгөн.

*1-таблица*

**Түркстандагы уездер жана участкалык приставдардын саны.**

| Облус | Уезд | Участок | Облустун Административдик борбору | Түзүлгөн жылы |
|---|---|---|---|---|
| Сыр-Дарыя | 6 | 17 | Ташкент | 11.07.1867 |
| Самарканд | 4 | 11 | | 01.01.1887 |
| Фергана | 5 | 20 | Скобелев | 19.02.1876 |
| Жети-Суу | 6 | 16 | Верный | 11.07.1867 |

***Булагы:*** *[11, 16-б.].*

Бир нече участоктор уездге бириктирилип, ал уездин башчысы тарабынан башкарылган. Бир нече чектеш уездер облустка бириктирилген.

1920-жылы Түркстан крайы 5 обулустан, 31 уезден турган. Волосттордун, айылдык жамааттардын жана айылдардын жалпы саны ылайыгына жараша 466 жана 3925 болгон. Төмөнкү таблицада облустардын административдик түзүмү жөнүндө кеңири маалымат берилген.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*2-таблица*

| Облус | Уезд, бирд. | Шаар (уездик жана штаттык), бирд. | Шаар тибиндеги жана т/ж. станц., бирд. | Волост, бирд. | Айылдык жамаат жана айыл, бирд. |
|---|---|---|---|---|---|
| Сыр-Дарыя | 7 | 7 | 57 | 146 | 1063 |
| Жети-Суу | 7 | 8 | | 95 | 1454 |
| Фергана | 7 | 8 | 34 | 122 | 768 |
| Закаспий | 4 | 5 | 55 | 18 | 228 |
| Самарканд | 4 | 5 | 10 | 69 | 334 |

***Булагы:** [12, 30-б.].*

Ар бир аймак түрдүү элдердин өкүлдөрүнөн турган. Түркстан элдеринин облустар боюнча таралышы төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

*3-таблица*

| Облус | Өзбектер | Казактар | Кыргыздар | Орто Азиядагы башка улуттар | Орустар | Башка улуттар | Тажиктер | Каракалпактар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Жети-Суу | 1,6 | 44,8 | 18 | 7,4 | 28 | 18 | | |
| Сыр-Дарыя | 28,4 | 46,4 | 4,4 | 5,7 | 12,8 | 2,3 | | |
| Фергана | 68,2 | - | 17,2 | 2,1 | 2,3 | 0,7 | 8,9 | 0,5 |

*Булагы: [13, 140-142-б.].*

Таблицадан көрүнүп тургандай кыргыздар 3 аймакта жашаган. (Бул таблица туура эмес, анткени кыргыздар Баткенде да жашаган.) Алар Талас жана Чүй өрөөндөрүндө, Ысык-Көл ойдуңунда, ошондой эле Фергана өрөөнүндө бир катар башка аймактарда тыгыз жашашкан.

*4-таблица*

**Кыргыздар тыгыз жашаган уезддердин аймагы жана калкы**

| к/№ | Уезддер | | Аянты (верст) | | Түркстан Республикасынын бардык аянты, % | | Эки жынысты жашаган жандар | | Республиканын бардык калкы % | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 1917-ж. | 1920-ж. | 1917-ж. | 1920-ж. | 1917-ж. | 1920-ж. | 1917-ж. | 1920-ж. | 1911-ж. | 1920-ж. |
| 2. | Олуя-Ата | Олуя-Ата | 68010 | 68010 | 4.43 | 5.08 | 322576 | 225522 | 5.0 | 4.4 |
| 3. | Пржевальск | Каракол | 40435 | 13814 | 2.64 | 1.0 | 106195 | 97364 | 1.7 | 1.8 |
| | | Нарын | | 26621 | | 1.9 | | 50310 | | 1.0 |
| 4. | Анжиян | Анжиян | 13068 | 13 068 | 0.85 | 0.98 | 465 530 | | 7.2 | |
| 5. | Ош | Ош | 23 357 | 23 357 | 1.52 | 1.75 | 202 801 | — | 3.2 | ... |
| 6. | Скобелев | Маргалаң | 13239 | 13239 | 0.86 | 0.99 | 429628 | | 6.7 | |
| 7. | Наманган | Наманган | 23423 | 23423 | 1.53 | 1.75 | 381731 | | 5.8 | |
| 8. | Кокон | Кокон | 13237 | 13237 | 0.86 | 0.99 | 531302 | | 8.3 | |
| 9. | | Ходжент | | 3 382 | | 0.2 | | 81396 | | 1.5 |
| 10. | Пишпек | Пишпек | 77683 | 77683 | 5.07 | 5.81 | 262820 | 212467 | 4.0 | 4.1 |

***Булагы:** [14, 187-б.].*

Социалисттик революция кыргыздардын жашоо турмушунда олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келген жок, чарбасы көчмөн бойдон калган. Волосттор калктын чарбалык ишинин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен көчмөн жана отурукташкан болуп экиге бөлүнгөн. Көчмөн волост бир нече уруунун өкүлдөрүнөн турган. Мындай волостто көп сандаган жана эң күчтүү урук колонизаторлорду ыраазы кылуу үчүн башка майда жана алсыз уруктардын өкүлдөрүн ар кандай жолдор менен эксплуатациялаган. Ошол эле учурда ар кандай кландардын ортосунда “партиялык” деп аталган күрөш башталган.

Албетте бул табигый түрдө майда уруктар бөлүнүп, башка волосттордогу тууган-туушкандары менен биригип, өздөрүнчө волостту түзүүгө алып келген. Бул биригүү өзүнчө жашоочуларды же айылдарды бир волосттон экинчи волостко өткөрүү жана эски волостторду бөлүп-жаруу аркылуу ишке ашкан. Жерди пайдалануу ошол эле бойдон калып, натыйжада ар кайсы жерлерде тилкелер пайда болгон. Кээ бир жер-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



лерде волосттор бир атадан болгон уруктардан пайда болгон. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында партиялык күрөштүн натыйжасында волосттордун бөлүнүшү байкалган. Маселен, 1918-жылы Пишпек уездинин кыргыз жарандарынын өкүлдөрү райондоштуруу боюнча Жети-Суу областтык комиссиясына: “жоочалыш” уруусун 400 кожолуктан өзүнчө волостко бөлүп берүү өтүнүчү менен кайрылышкан. Жаңы Жоочалыш волостуна төмөнкү бирдиктерди бириктирүү керек эле: 1) Чыгыш-Сокулук волостуна караштуу Камеск айылы 190 кожолук, 2) Кантаев волостуна караштуу Жоочалыш айылы 38 кожолук, 3) Жаламыш волостунан Белек айылы 151 кожолук, Туз айылы 28 кожолук, Жарпан айылы 29 кожолук[15, 20-21-б.].

Ар кайсы жер тилкелерин түзүүнүн дагы бир маанилүү фактору болуп, дыйкандардын борбордук Россиядан көчүрүлүшү жана алар үчүн өзүнчө административдик бирдиктердин уюштурулушу болгон.

Орус кыштагы же бир нече кыштак өзүнчө волост болуп эсептелген. Орус кыштактарынын, айылдык жамааттардын өзүнчө административдик түзүлүшүнүн себеби, ар кандай жеңилдиктерди берүү үчүн калкты эсепке алуу зарылчылыгы, анын ичинде ссудаларды берүү, жер үлүштөрүн берүү, ар кандай салык жеңилдиктери камтылган. Орус калкы жергиликтүү калктан айырмаланып, аскер кызматына милдеттүү деп эсептелип, аймакта биринчи отрукташкан жылдары аскердик кызматты кийинкиге калтыруу же толук бошонуу укугуна ээ болгон. Маданият, тилдик айырмачылыктар жана колонизаторлордун жетиштүү саны өзүнчө волосттун түзүлүшүнө себеп болгон. Өз алдынча волосторду бөлүп, түзүүгө умтулуу орус кыштагына да мүнөздүү болгон. Мисалы, 1918-жылдын 30-майында Покровка айылынын өкүлдөрү Токмок участкалык башчысына айылды Соловьев айлына кошуп өзүнчө волостко бөлүү жөнүндө арыз менен кайрылышкан [16].

Колонизаторлор кыргыздардын чарбалык ишине дыйканчылыктын жаңы ыкмаларын, жаңы өндүрүш каражаттарын киргизген. XX к. башталышында башталган отурукташуу процесси улантылган. Кыргыздар бара-бара көчмөн чарбадан отурукташкан жашоого өткөн. Жаңы отурукташкан кыргыз волостору пайда болуп, кыргыздардын арасында көчмөн чарбалардын үлүшү өтө жогору бойдон калган. "Кыргыз районторунун калкынын 80% ден ашууну мал чарбачылыгы менен алектенип, өнүгүүнүн өтө төмөн деңгээлинде болгон" [17, 24-б.].

Демек, Пишпек уездинде жергиликтүү көчмөн да, жергиликтүү отурукташкан волосттор да, отурукташкан европалык волосттор да болгон. Атап айтканда, 25 орус волосту 532ден ашык калктуу пункттарды жана хуторлорду камтыган. Бул конуштардан тышкары 14 жана 30 көчмөн волосттун санындагы отурукташкан кыргыз волосттору болгон. Кыргыздардын арасында мурункудай эле кандаш-тууугандык байланыш дагы деле бекем болгон. Уруу башчылары урук-урууулардын жашоо турмушунда олуттуу роль ойногон.

Колониялык бийликтин кыргыз урууларын жана уруктарын бөлүп жаруусу, аларды өзүнчө административдик-аймактык бирдиктерге чачыратууга умтулуусу каалаган натыйжасын берген эмес. Айрым уруулардын өкүлдөрүнүн бийлик үчүн күрөшүү процессинде волосттор аздыр-көптүр бир өңчөй болуп калган. Кыргыз элинин бардык байлыктарын тартып жана эксплуатациялап алган колонизаторлор түзүлгөн кырдаалдан пайдаланып калышты.

Бөлүнүү процессин жана жаңы административдик бирдиктерди түзүү процессин токтотуу, андан кийин экономикалык талаптарга жооп берүү үчүн жаңы административдик бөлүштүрүү, андан тышкары ирригация принциптери, сооданы тартуу, жол байланыштарынын болушу жана бир катар башка факторлор байкалган эмес.

1916-жылдагы көтөрүлүш, падышанын ырайымсыз жазалоочуларынын кандуу басышы жана Жети-Суу облусунун коргоосуз калкынын жок кылынышы Түркстан АССРинин калкынын санынын өзгөрүшүнө, көчмөн волостордо калктын бир кыйла азайышына өбөлгө түздү. Буга байланыштуу 1920-жылы көчмөн волостторду бириктирүү жүргүзүлгөн. Бир нече чектеш аймактык волостор "механикалык" түрдө бир волостко бириктирилген. 1917-жылы Пишпек уездиндеги волосттордун саны 44 бирдик болсо, бириккенден кийин 10го жеткен. Пржевальский уездинде 32 волост болсо, 1920-жылы 20, Нарын уездинде 9 волост калган.

Фергана облусунда волосттук бөлүштүрүүдө олуттуу өзгөрүүлөр болгон эмес. Ош уездинде 1917-жылдагы эл каттоо боюнча 14 волост болуп, бул 1920-жылы да сакталып калган. Ушундай эле көрүнүш Кокон (Скобелев) жана Наманган уездинде да байкалган. Фергана жана Анжиян уезддеринде бирден жаңы волост пайда болгон. 1920-жылга карата алардын саны Фергана уездинде 20га, Анжиян уездинде 23кө жеткен.

1920-жылы Жети-Суу областынын уезддеринде волостторду бекемдөө жүргүзүлгөндөн кийин волосттук карта бир калыптагы көрүнүшкө ээ болгон. Жердин ар кайсы жерде болуусу, пайдаланууга мүнөздүү болгон чабылган жер кыйла кыскарып, бирок бир кыйла аз өлчөмдө калган. Жаңы административдик бөлүштүрүүнү калктын туура эмес түшүнүү менен кабыл алуусу терс көрүнүш болгон. 1920-жылдагы Бүткүл союздук айыл чарба каттоосунун жүрүшүндө «калк айылдын санын гана эмес, волосттун атын да билбейт» деп айтылган [18,32-б.]. Кээ бир волосттук аткаруу комитеттер да калктуу пункттар жана айылдар боюнча так маалыматтарды бере алышкан эмес.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Мамлекеттик органдардын ишиндеги так эместик жарандык согуштун мезгилине мүнөздүү болгон.

Демек, Түркстандын административдик-аймактык бөлүнүшү падышачылык Россиянын колониялык саясатына байланыштуу болуп колониялык режимдин биротоло бекемдөөгө өбөлгө түзгөн. Кыргыздардын көчмөн шарттагы уруулук түзүлүшү, падышачылыктын бөлүп жаруу саясаты совет бийлиги мезгилинде дагы волостордун бөлүнүшүндө дагы байкалган.

**Адабияттар:**


1. Бройдо Г. 1916 ж. Кыргыз көтөрүлүшүнүн тарыхына материалдар. // Уркун 1916. - Бишкек, 1993. - С. 60.
2. КПСС в резолюциях и решениях съездов, конференций, и пленумов ЦК Москва 1953. - Часть 1. - С. 558-559.
3. Киргизия в трех российских революциях. - Ф., 1987. - С. 276.
4. ЦГА КР, ф. 6, оп. 6, д. 14045/11. Проект положения об управлении Турк. областью., Аристов Н.А. Усуни и кыргызы или кара киргизы. - Бишкек, 2001. - С. 519-523.
5. Сыдыков А. Национальный лидер. - Бишкек, 1992. - С. 82.
6. История Народов Узбекистана. - Т.2. - Ташкент, 1947. - С. 254-255.
7. Материалы по районированию Узбекистана. - вып. I. - Самарканд, 1926. - С.3.
8. Бройдо Г.И. Указ. соч. - С. 70.
9. Кулиев О. Административное территориальное устройство Туркмении. - Ашхабад, 1989. - С. 20.
10. Нусупов Ч.Т. Политико-исторические проблемы генезиса идеологии, государственности и культуры кыргызского народа. - Бишкек, 2000. - С. 264.
11. Материалы по районированию Туркестана. - Вып. I. – Ташкент, 1922. - С. 23; Губернии и Уезды РСФСР на 1 марта 1921 г. - Москва, 1921. - С. 16.
12. Материалы по районированию Туркестана. - Вып. I. – Ташкент, 1922. - С. 23; Губернии и Уезды РСФСР на 1 марта 1921 г. - Москва, 1921. - С. 30.
13. Златапольская Д.Л. Образование и развитие СССР как союзного государства. - Москва, 1954. - С.7. - 140-142.
14. Керимбекова Н. Формирование этнополитической территории Кыргызов: Дисс. ... к.и.н. - Бишкек, 1995. - С. 187.
15. Материалы по районированию Туркестана... - Вып. I. - С. 20-21.
16. ЦГА КР, ф. 89, оп.1, д. 250, л. 117.
17. Акылбеков О. Образование и деятельность уездно-городских организаций РКП (б) в Киргизии /1918-1924 гг./: Дисс. ... к.и.н. - Фрунзе, 1971. - С. 24.
18. Материалы по районированию Туркестана ... Вып. I. - С. 32.